Жакыпбек Абдылдаев

# ҮЛҮЛДҮН ҮЙҮ

# ҮЛҮЛДҮН ҮЙҮ

Бир бөлмөлүү там керек,
Сатасыңбы үйүңдү? –
Деп жөргөмүш жолугуп,
Сөзгө тартты үлүлдү.



КАРА-КӨЛШААРД
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. №



Үлүл айтат: – Сырымды
Сенден кантип жашырам.
Эгер сатсам үйүмдү –
Мен да кошо сатылам.

Ай, балдар, ай! Үлүлдүн
Бул эмине дегени?
Сырдуу сөзүн чечмелеп,
Өзүбүз жооп берели.



Жообу: Үлүлдү үйүнөн ажыратууга болбойт.

# ЖАШ КӨЧӨТТҮ СЫНДЫРБА

Эрөөн албай эч кимди,
Эчки көчөт жеп кирди.
Бир бутагын сындырып,
Кууп жибердим эчкимди.

Атама айтсам мактады,
Далыга чаап таптады.
Карап турган бир гана,
Апакеме жакпады.

Жаш көчөттү жедирбей,
Жалкоо бала дедирбей.
Кууп чыксам эчкини,
Кыйыктанбай, эринбей.

«Жакшы бала экен», – деп
Баары мени макташты.
Апам гана урушат.
Ойлой берип баш катты.

Апам неге урушту?
Мендей элпек баланы.
Бул суроонун чогулуп,
Жандырмагын табалы.

100 с 00т

| | | |
|---|---|---|
| 1-класс | **1.1 деңгээли** | |
| | 1.2 деңгээли | |
| | 1.3 деңгээли | |
| 2-класс | 2.1 деңгээли | |
| | 2.2 деңгээли | |
| 3-класс | 3.1 деңгээли | |
| | 3.2 деңгээли | |
| 4-класс | 4.1 деңгээли | |
| | 4.2 деңгээли | |

УДК 821.51 – 93
ББК 83.8
A 13

A 13

Абдылдаев Жакыпбек
ҮЛҮЛДҮН ҮЙҮ. Кенже балдар үчүн. /
Сүрөтүн тарткан *К.Турумбеков.*
Дизайнерлери: *К.Турумбеков, А. Ульмасов* –
Б.: «Турар» КФ, 2019. – 12 б.

ISBN 978-9967-15-944-0

www.taalimforum.kg
taalimforum@gmail.com
+996 (312) 298 681

A 4803300100-19
ISBN 978-9967-15-944-0

УДК 821.51 – 93
ББК 83.8
© «Таалим-Форум» КФ, 2019

Заказ №1985 Нускасы 1064
«Турар» басмасынын басмаканасында басылды
720031, Бишкек ш., М. Горький көчөсү, 1

USDA

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

MERCY CORPS

Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында иштелип чыгып, АКШнын айыл чарба департаментинин (USDA) каржылоосу менен Мерсико (Mercy Corps) уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан Макговерн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» Программасынын алкагында басылып чыгып, таркатылды.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду. Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.